УДК 7.016.4 (575.2)

Орозобаев А.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОЙМОЛОРДУН МАКСАТЫ ЖАНА МААНИСИ (КЫРГЫЗ ОЙМОЛОРУНУН МИСАЛЫНДА)

*Бул макалада оймолордун жаратылыш менен байланыштуулугу жана стилизацияланышынын мааниси далилденет.*

Орнамент (латын тилинен алынган, ornamentum) - бизче которгондо оймолоп-чиймелөө, көркөм кооздоо же жаратылыштагы нерселердин элементтеринин кооздуктарынын катталып турушу. Оймо-чийме өзүнүн түзүлүшү боюнча симметриялуу принципти камтыйт. Реалдуу дүйнөнүн образын чагылдырат жана мотивдеринде декоративдүү жөнөкөйлөштүрүлөт (стимуляциялайт), б.а. ошол элементтерди оймо-чиймеге айлантуу. Орнамент өзүнүн мотивдеринде жергиликтүү жерлердин флора жана фаунасын чагылдырат. Мисалы: Түндүк элдеринде балаты; кыргыз, казак элдеринде койдун мүйүздөрү; армян элдеринде жүзүм. Ар кандай декоративдик мотивдер күнүмдүк тиричилик буюмдарды кооздоого пайдаланышкан жана ошону менен бирге символикалык жана магиялык мааниге дагы ээ болушкан. Ар бир элдин өзүнчө оймо-чиймеси жана алардын купуя мааниси жана маңызы болгон. Кыргыз эли Азия чөлкөмүндөгү эң байыркы элдерден экени дүйнөлүк тарых илиминде эбак таанылганы чындык. Биринчи расмий маалыматтар биздин доорго чейинки 201-жылы жазылган кытайдын тарых барактарында кездешет. Ата-бабаларыбыздын көчмөн турмушта жашоо ыңгайы элибиздин улут катары өсүп-өнүгүү жана калыптануусунун бардык учурларынын толук күбөсүн сактап калууга мүмкүндүк бербесе дагы, өткөн 2000 миң жылдын ичинде кыргыздар кыйла ирет бүтүндөй адамзат тарыхынын өнүгүшүнө урунттуу таасирин тийгизген. Кыргызстандын аймагы аркылуу Улуу Жибек жолу өткөн. Ушул жерде Батыш-Түрк каганаты өмүр өтөп, андан кийин Карлук каганаты жана Караханиддердин мамлекети доорду сүргөн.

Кыргыздардын изи Эне-Сайга дейре жетип, уйгур мамлекети кыйраган соң, Улуу кыргыз каганатын түзүшкөн. Кыргыз эли кыйла катаал жана даңазалуу жолду басып өткөн. Өзүнүн тарыхый өнүгүшүнүн бардык мезгилдеринде ал өз тарыхына, маданиятына аяр мамиле кылып, аны жакында эле бүткүл дүйнө миң жылдыгын белгилеген «Манас» эпосу баш болгон оозеки адабиятында аздектеп сактап келген, көркөм өнөрдө, колдонмо искусстводо: териде, темирде көңүл, жан дүйнө төшөлүп, жогорку чеберчиликте чегелешип жасалган көчмөн турмушта буюм-тайымдарын, килемчилерин карап отуруп, кыргыз элинин рухунун кыял чабыты, жоомарт мүнөзү, көркөм табити тууралуу толук түшүнүк алууга болот. Элдик чебер уз, усталардын оюу-чиймелери, орнаменттеринен айкын көрүнүп турат. Мына ушул кылымдардын тереңинен бери карай келаткан кайталангыс оюулардын ички сырын «түшүнө алган адам баласы» кыргыздар жөнүндө жеткиликтүү маалымат алат. Түстөрдүн, образдардын түркүмдүгүндө кыргыз элинин оймодогудай жөнөкөй жана татаал, табышмактуу жана жоомарт, катаал жана жайдары, меймандос мүнөзү толук чагылдырылган.

Талас өрөөнүндө, өзөн боюнда жалпы кыргыз элине маалым болгон Манастын күмбөзү турат. Күмбөздүн алдында сакталып калган арабча жазуу

XIVкылымдын I жарымындагы Орто Азиянын тарыхынан адистерге гана түшүнүктүү болгон бир нерселерди айткан башка ысымдарды билдирет. Ошентип, көчмөн эл үчүн өтө сейрек көрүнүш болгон бышкан кыштан жана бышырылган чоподон салынган курулуш. Самарканд менен Бухаранын усталары тургузушкан байыркы Түркстандагы күмбөздөргө караганда, жөнөкөй гана бир нерсе болуу керек эле. Бирок окумуштуулар күмбөздүн порталынын бөтөнчө көркөм деталдарынын ар бир учурун карап көрүшкөндөн, анын орнаменталдык оюуларынын композициясынын маңызын чечип түшүнүшкөндөн кийин, таптакыр башкача салыштыруу келип чыкты. Алар кыргыздардын оймо-чиймесин таанытты. Бүгүнкү күнгө чейин кыргыздын уз саймачылары жан киргизип келаткан: чымын канат, кыял, карга тырмак, ийрек деп аталган түрлөр бар болуп чыкты. Булар - кыргыздын оймо-чиймелеринде кеңири таралган өтө мүнөздүү түрлөр. Ал эми дээрлик бардык килемдер менен туш кийиздерде кездешчү кочкор мүйүз, тоодо өскөн өсүмдүктөрдүн келбеттерин элестеткен тогуз дөбө, тумарча, алгыр куштун сүрөтү, өргөнү билдирген кереге көз, суу терек деп аталган жана ар кандай буралып, чиелешип кеткен оймо-чиймелер, негизинен, графикалык арсеналын түзөт. Салтанаттуу монументалдык шырдактардан тартып, туткучка чейин уздар пайдаланган кыргыз оймо-чиймелеринин бүтүндөй байлыгы мына ушулардан турат.

Боом капчыгайын басып өткөн же Жети-Өгүздө болгон адам ар түрдүү жип салган алоолонгон аскаларды жана салаңдаган жарларды байкабай койбойт. Табияттын бул керемет көрүнүштөрүн геологдор кыргыздын кызыл комплекси деп коюшат. Анткени алар өтө көп кездешет. Мындай болсо кыргыз уздары Ата–журттун табиятындагы ушул кеңири тараган түстү жакшы көрүп тандап алып жүрүшпөсүн? А көк түсчү! Шырдакта ал Жети-Өгүздүн кызыл аскасы көк асмандай, Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы кызыл чөптөр менен көлдүн түсүндөй болуп, кызыл түс менен дайыма шайма-шай жүрөт.

Көк тиреген чокуларды көргөн адамды кайдыгер калтырбайт, көңүлүн көкөлөтүп, шык чаптырат.

Ким билет, а балким, кечки көлдүн күзгүдөй чагылышы кайдыгер бир адамга оймонун сырларын гана эмес, анын жасалгалоо, жаралыш сырларын ачкандыр. Жалпы эле оймо-чиймелерде «Керме-Тоо» деген түшүнүк-термин бар. Муну географиялык карталардан да издеп табууга болбойт. Болгон түшүнүк бул - ыйык Ата Журт. Жалпы салттын чечилиши боюнча: Чаткалдыкы, Нарындыкы, Баткендики, Арпаныкы өзүнчө килемдин куду өзү. Кокту-колоттордо ак менен кыюу салгандай ала-телек кар жатат, көгү жаңыдан кылтыйып келаткан айдың жерлер байчечекей менен жыбырата саймаланган. Байчечекей - алгачкы жаз кабарчысы, жаштар көксөп күткөн гүл. Күнөстүү тоо этектеринде жайкысы жоогазындын өмүрү бир нече гана күн шырдактардын куюлушкан оюуларында, туш кийиздердин түркүн кыял салынган саймаларында түбөлүк сакталып калат. Элдик чеберлер кадимки какым-кукумду, сейрек кездешчү чамагына алтын чөгөрүлгөнсүгөн бийик тоонун ак, кызыл гүлдөрүн биринчи көрүп жаткансыган баланын көзү менен кубанычтуу жана таң кала кабылдашат. Ушунун баары кыргыз туш кийизинин түрлөрүндө колдонулат. Бардыгын алардын ырларын оюунун тилине көчүрүү керек. Кыргыз жергеси кандай кенен. Кыбыраган жандыктын баарына орун бар, асманында «Манас» эпосундагы зыпылдап канат

каккан ак шумкардан тартып торгойдун үндөрү шаңшыйт.

Шырдак бул - күнүмдүк тиричиликте пайдалануучу буюм. Жалпы түстөрдүн жана оймолордун теңдүүлүгү, ритмикалык жөнөкөйлүгү, айкындуулугу, башкача айтканда, оймолор салыштырмалуу декоративдүү жана монументалдуу. Оймолордун (кочкор мүйүз, теке мүйүз, кыял) салыштырмалуу бир жактуулугуна, түстөрдүн аздыгына жана демейдеги мүнөзүнө карабай, позитивдик-негативдик жайгаштырылышы шырдактын оюусун бай көрсөтөт. Үлгүгө салып, аны менен оюуну кесип-кынаттого негизделген. Лизанкалык техника килемди түстөрдүн татаал шайкештигинен ажыратат. Бирок кызыл-көк, саргыч-кызыл, күрөң-ак түстөрдүн шайкештиги шырдактын колоритин байытып, көркүнө чыгарат. Калкка өтө белгилүү кийиз килем-шырдактай эле элдин көркөм кесибине ала кийиз да кеңири таралган. Ал атына жараша, чынында эле алалыгы жана түсү жагынан Ала-Тоого окшошуп кетет. Бирок ал шырдактын ачык түсүнө жана ыргактуулугуна караганда бүдөмүрөөк. Анын мындай болушу башка материал, башка оюу, түс жана алардын шайкештигинен эмес. Негизинен, баары эле мурдагыдай, бирок ык башка, техника башка.

Шырдактагы өзүнчө оюлуп, шырылып салынган катуу оюулардын ордуна ар кандай түскө боелуп, көпшөк жаткырылган жүндөр менен чала бышырылган жүнгө оролуп жасалат. Айырмасы ушул. Анан ошол бүдөмүктүк күтүүсүздүк ала кийиздин оюуларын акварелге жакындатып, бири-бирине кубулжуп өтүп, кызгылт, саргыч, көгүш тартып турган жумшак түстөрдү берет, алардан жылуулук, шайкештик сезилип, адамды өзүнө тартып турат.

“Кажары” деп аталган оймолуу таар жумшак, оюулары ичке, майда, жакшынакай болот. “Кажары” салттуу оюу келбетинен айырмаланып, фон басымдуулук кылат. Бир нече катталган ичке түрлөрдү түшүрүүсү менен айырмаланат.

Көчмөн элдин гардеробу деп аталган текченин негизги оюуларына кыргыздын оймолоруна жалпы мүнөздүү кочкор мүйүз, карга тырмак, тумар жана кыял, ошондой эле дал ортосуна салынуучу тегерегинен бутактап өскөн жалбырактардай жайылган гүлдөрдүн түрлөрү да кирет. Байыркы адамдардын өздөрүн курчаган дүйнөгө болгон түшүнүгүн, динин жана ишеничин символдордун тили менен билдирген. Мына ушул түрлөр ар кандай шайкештикте жайгаштырылып, текченин турпатын түзөт. Текчелер асемдүү чачылар түйүлгөн торлор менен текчелердин оюуларынын көпчүлүгү бири-бири менен кайчылашкан, төрткө же сегизге бөлүнгөн симметриялык композициядан турат. Оюуну жайгаштыруунун башкача ыкмасы да көп колдонулат. Мында толкундуу ыргагында ийилген же сынган сабактын түрү негиз болуп салынат.

Боз үйдүн ички жасалгасынын көрүнүктүү жана өзгөчө бөлүгү болуп коздолгон сүлгү эсептелет. Адатта, сүлгүнүн жердиги жумшак болотно же торчо болот да, көпчүлүк учурда өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү түшүрүлүп саймаланат.

Буюм канчалык кичине болсо, ал ошончолук оюу-чийүүлөрдүн жана түрдүн кызыктууларын пайдаланууда өткөрө чеберчиликти талап кылган. Жыгачка түшүрүлгөн оюулардын кийиздин оюусуна окшоштугу, алардын стилистикалык негизинин жалпылыгын жана бул байыркы кол өнөрчүлүгүнүн кыргыздарда эзелтен бери келаткандыгын баяндайт.

Боз үйдүн мурда жасалгасынын оюу-чийүүгө, боекко байлыгы, улуттук кийимдин, ат жабдыктын коордугу да, элдин эң сүйүктүү музыкалык аспабынын

жөнөкөйлүгү. Комуз да өз оюусу менен кооздолгон. Темир комуздун кутусу көөкөргө жана оюуга окшоп жыгачтан жасалат. Кутуча кочкор мүйүз же кыял оюусун оюп түшүрүү менен көркөмдөлөт.

Ак деген сөздүн маниси өтө кенен. Бул кыска сөз таза, адеп-ахлактуу, сынчыл деген маанилерди түшүндүрөт. Ак - бул чындык. Ак - бул касиеттүүлүк. Бул - сүт; илгери ак–сүт чачып, жыланды – кара ниетти - үйдөн чыгарышчу. Ак сүт бүгүнкү күнгө чейин элде ыйык деп эсептелинет.

Сапарга чыккан кишиге ак жол каалашат. Тоонун таштай муздак тунук булагын ак булак деп коюшат. Муундан-муунга өтүп келаткан элдик салт-санаанын, накыл сөздөрдүн кенчи, кадырман карыяны урмат менен Аксакал дешет.

Ак түс - тазалык менен адептин символу, атанын ак калпагынын, эненин элечегинин түсү. Ак тайлак менен ак козуга элдеги жылуу мамиле ушундан улам болбоду бекен? Күмүшкө киргенден тартып, жүгөн-куюшканга чейин чегеленген жасалгаларга элдин бөтөнчө үзүлүп түшүүсү да ушундан келип чыгып жүрбөсүн?

Анткени "ак" деген өтө кенен түшүнүктүн ичинен дал ушул, толук аныкталган, көркөм эле эмес, баарыдан мурда, материалдык мүлккө айланган, эстетикалык идеал иштелип чыгып олтурат.









Мүмкүн, эң алгачкы жолу адамга түсү жагынан ушундай өтө сейрек металлга жетүү өтө көксөткөн ата-бабадан мурас болгон, ошондуктан ыйык деп эсептелген нерсеге жетүүнүн өзү маанилүү болгондур. Ал ошондон кийин гана жасалгага айланды. Бирок ошондо да шайтан-шабырдан калкалоочу күч катары жана күн менен айдын ак түсүнүн металлга бүткөн көркү катары кош маанисин көпкө чейин сактады.

Ошондуктан бүгүнкү күнгө чейин кыргыз күмүшүнө түшүрүлгөн оюу-чийүүлөрдөн асмандын, жер-суунун, ырым-жырым символдору, тотемдик белгилер, айбанаттар менен өсүмдүктөрдүн сыйкырлуу мааниге ээ түрлөрү окулат. Алардын алгачкы мааниси эчак эскирген, ал эми азыркы символикалык белгилеринин окуулары кай учурда бирин-бири төгүндөгөн карама-каршы мүнөздө. Ошону менен эле бизге кыргыздын күмүш зергерлери байыркы символдордун шарттуу тилинин оюучулук мүмкүндүгүн, жасалгалардын өзүнүн табиятын мыкты туюшкан аларды ишке ашырышып, тамырларына тек гана археологдордун алы жеткидей тээ тереңге жеткен, чыныгы улуттук зергердик өнөрдү түзүшкөн.










Жогорудагы айтылган сөздөрдөн улам кыргыз элинде түстөрдүн, оймолордун жаралышы менен байланыштуулугу чечилмелерге жана атайын окулуштарга ээ болуп турган. Бул окулуштар атайын аталыштарга жана оймолордун максат маанисине алып келген. Жөнөкөй көрүүчүлөргө түшүнүктүү болсун үчүн жалпыланган төмөндөгү максат мааниси тууралуу таблица-сүрөттөр берилди:

**Үй-тиричилик буюмдарын элестеткен оймолор**

| Сүрөтү | Оймонун чиймеси | Оймонун аталышы | Оймонун мааниси |
|---|---|---|---|








| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  | Тумар оймосу | Адам дуйнөсүн-дөгү терс нерселерден сактануу |
|  |  | Тарак оймосу | Тазалык |
|  |  | Көөкөр оймосу | Меймандостук жана мартчылык |
|  |  | Торчо оюусу | Калкан жана коргонуу |
|  |  | Кулпу ачкыч оюусу | Ишенимдүүлүк |

Айбандардын сөлөкөтүн (образын) берген оймо-чиймелер

| Сүрөтү | Оймонун чиймеси | Оймонун аталышы | Оймонун мааниси |
|---|---|---|---|
|  |  | Карга тырмак, каз таман оймосу | Из |
|  |  | Ит куйрук оймосу | Жолдош, дос |
|  |  | Кой мүйүз оймосу | Байлык |
|  |  | Канат жана куйрук оюусу | Кыялдануу жана каалоо-тилек |
|  |  | Ак куу оюусу | Кооздук жана берилгендик |









**Аалам оймолору**

| Сүрөтү | Оймонун чиймеси | Оймонун аталышы | Оймонун мааниси |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  | Күн | Күн булагы |
|  |  | Ай сымал оюулар | Жымжырттык |
|  |  | Чолпон, жылдыз оюулары | Таң |
|  |  | Күн-түн оюусу | Күн менен түн алмашышы |
|  |  | Түндүк жылдыз оймосу | Туруктуулук |








**Адамдардын сөлөкөтүн (образын) берген оймолор.**

| Сүрөтү | Оймонун чиймеси | Оймонун аталышы | Оймонун мааниси |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  | Умай- Эне оймосу | Үй кутун сактоочусу |
|  |  | Беш бармак оймосу | Токчулук |
|  |  | Салбай оймосу | Жоокерлер |
|  |  | Жаат оймосу | Жааматтык жеңишке умтулуу |
|  |  | “Бармак боочу” оймосу | Бата берүү |











Жаратылыш кубулуштарынан алынган оймолор.

| Сүрөтү | Оймонун чиймеси | Оймонун аталышы | Оймонун мааниси |
|---|---|---|---|
| | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  | Жер оймосу | Жер Эне |
|  |  | Булак суу | Башталыш |
|  |  | Суу оюусу | Турмуш булагы |
|  |  | Тоо чокусу | Ак-кара Курч бычак |
|  |  | Түбөлүк кыймыл | Аба, суу, жер, от |

**Өсүмдүктөрдү элестеткен оймолор**

| Сүрөтү | Оймонун чиймеси | Оймонун аталышы | Оймонун мааниси |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  | Үч жалбырак оймосу | Берекелүү жайлоо |
|  |  | Үрөнчө оймосу | Өсүү-өнүгүү |
|  |  | Анар оюусу | Улануу жана көбөйүү |
|  |  | Бак оюусу | Түбөлүктүү-лүк, жашоо-турмуш |
|  |  | Кызгалдак оюусу | Жаз кабары |

Адабияттар:

1. Кыргыз Совет энциклопедиясы, –Ф.: Кырполиграф комбинаты, 1979.

2. Ниязов Ф.А., Максимов В.А., Сорокин Е.К., Жамгырчиев С. Кыргыз оймолору. –Бишкек: Акыл, 1998.
3. Чокотегин Мырзабек. Кыргыз боз үйү. –Б.: Акыл принт, 2013.
4. Моңолдоров Ш.К. Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери. –Бишкек: Кесип, 1995.